Кирг
Д-10

# Башчы таш бака

## жана

## башка окуялар



Доктор Сьюз





# Башчы таш бака жана башка окуялар

# Башчы таш бака жана башка окуялар

Доктор Сьюз



3638
РБДЮ им. К. Баялинова
АМЕРИКА БОРБОРУ

# YERTLE the TURTLE and Other Stories

## By Dr. Seuss

YERTLE THE TURTLE AND OTHER STORIES, Kyrgyz language translation © 2017, Dr. Seuss Enterprises, L.P.
YERTLE THE TURTLE AND OTHER STORIES TM & © by Dr. Seuss Enterprises, L.P. 1950, 1951, 1958, renewed 1977, 1979, 1986. All Rights Reserved.

Published in Kyrgyzstan by Chui Regional Library. Printed in the publishing house Turar, Bishkek.

Башчы таш бака жана башка окуялар. © Доктор Сьюз, 1950, 1951, 1958, жаңыртылган 1977, 1979, 1986
© Которгон Т. Мадылбай, 2017. Бүт укуктар корголгон.

Кыргызстанда Чүй облустук китепкана тарабынан чыгарылган. Даяр калыптан «Турар» (Бишкек) басмасы тарабынан басылган.

Доктор Сьюз.
Д 63 Башчы таш бака жана башка окуялар. – Б.: Турар, 2017. – 82-б.

ISBN 978-9967-15-726-2

Басылма Америка Кошмо Штаттарынын элчилиги тарабынан каржыланган. Акысыз таратылат.

УДК 821.111(73)-93
ББК 84.7
Д 4804040100-17



Бул китеп Вермонт штатынын Норвич шаарындагы

Барлеттер жана Охайо штатынын Синсиннати шаарындагы

Сагмастерлерге арналат.

# Башчы таш бака





Сала-ма-Сонд аралында, тээ ыраакта
Бир көлмөгө башчы болду Башчы таш бака.
Татынакай чакан көл, суусу таза, тунук эле.
Жылуу дагы, ал эми тамак-ашы даяр, белен.
Башчы таш бакада бардыгы бар, артык болуп төрөлгөн,
Ошондуктан бактылуу эле чын бакытка бөлөнгөн.

Ошентип... бул көлмөнүн падышасы
Ээлигим аз деп болду бир күн наааразы.
«Башкарамын, — деди ал, — көзүм жеткен жерди бүт.
Бирок көзүм көп жерге жетпегендей көрүнгөнсүйт.
Жалпак таштан болгону көлдүн түбү көрүнөт.
Көргүм келет бийиктен үстү жакты көбүрөөк.
Өтө жапыз, өтө пас мен олтурган бул такты.
Бийигирээк болсо эмне! — деп бүркөдү кабакты.
— Мен бийикте олтурсам, кандай улуу болмокмун!
Бүт бардыгын башкарып, мен бактыга толмокмун!»







Башчы таш бака падыша колун өйдө жаңсады,
Башчы таш бака падышанын мындай болду айтка-
ны: – Тогуз таш бакага ташка кел! – деп буйруду.
Таш бакадан өзүнө бийик такты курдурду.
Биринин үстүнө бирин чыгарып койду,
Тогуз таш бака бир чоң үймөк болду.
Башчы эң үстүнө чыгып, үймөккө олтурду.
Керемет кооз көрүнүш бир чакырымга созулду!



«Бүт меники! – деп кыйкырды башчы. – Башкарамын!
Мен уйдун падышасы! Качырга да пашаамын!
Менмин тамдын падышасы, үстүн дагы башкарам,
Карагатка, мышыкка да падышалык буйрук кылам!
Мен Башчы таш бакамын! Бир укмуш кереметмин!
Көргөнүмүн баарысын башкара беремин!»



Ошентип таӊ азандан ал чокуда олтурду,
«Мен улуу падышамын!», – деп кыйкырып турду.
Түн ортосу ченде капысынан үшкүрүк чыкты.
«Бул эмне?» – деп падыша таӊгалганын жашырбады.
Көздөрү дөбөнүн астындагы таш бакага жакындады.
Ошентип ал тактынын түбүндөгү таш баканы көрдү.
Албетте, Мэк таш бака тактын гана бир бөлүгү,
Бирок ал өйдө тике карап, үстү жакка сүйлөдү:
«Кечириӊиз, Башчы таш бака. Буттарымдын алы кетти,
Дагы канча турабыз, Улуу урматтуум, айтчы деги?»





3638
им. К.



«Тынч! – деп катуу кыйкырды аны карап Башчы таш бака.
– Сен Мэк деген жөнөкөй таш бакасың, ал эми мен падыша!»



Сен ордуңда тура бер, мен олтуруп башкарамын.
Мен уйдун падышасы! Качырга да пашаамын!
Мен тамга да падыша! Куурайга да, мышыкка!
Бирок бул аздык кылат. Ээлик керек дагы да!
Тактым бийик көтөрүлсүн! – деп айкырды падыша.
– Чогулгула таш бакалар! Эки жүздөй таш бака!



Таш бакалар! Көбөйгүлө!» – деп өкүрүп бакырды.
Көлмөнүн эң түбүндөгү таш бакалар жашынды.
Коркконунан титиреди, денелери калчылдап.
Ошентсе да келишти алар көлдүн үстүн бүт каптап.
Таш бакалар, үй-бүлөсү, тайке-жээни бүт келди.
Жалгыз гана астындагы Мэкке абдан күч келди.



Тактысы абдан бийиктеп, дагы көп жер көрүндү!
«Ура! – деп кыйкырды Башчы, – мен талдарга падыша!
Аарыларга падышамын! Башчы болом куштарга!
Көпөлөктүн, абанын да падышасы эми мен!
Бактым толуп-ташыгандан элирем!
Мен Башчы таш бакамын! Мен укмушмун! Керемет!
Бүт дүйнөнү башкарганга эми менин көзүм жетет!»







Анан дагы кайрадан чоң дөбөнүн түбүнөн
Мэк деген чакан таш бака күңкүлдөдү ичинен:
«Улуу урматтуум, суранам… даттанат деп ойлобо,
Бирок биздин денебизден чындап чыдам кетти го.
Билем, сага эми ал жактан укмуштар бүт көрүнөт,
Бирок биздин укугубуз тепселүүдө көбүрөөк.
Көпкө турсак таштарыбыз жарылат!
Ачка болдук, капырай! Курсагыбыз каарылат».





«Оозуңду жап! – деп айкырды Башчы таш бака падыша.
– Укугуң жок сүйлөгөнгө падыша таш бакага.
Мен бийиктен башкарам! Жердин, суунун үстүнөн!
Менден бийик эч ким жок, эң чокуда жалгыз мен!»





Кыйкырды, бирок таңгалычтуу бир нерсени көрдү:
Түнкү асманда ай чыгып, айланага жарык берди.
«Бу эмне? – деп Башчы таш баканын оозу ачылды:
– Башкы Өкүмдардан бийикке чыгууга ким батынды?
Буга мен жол бербеймин! Мен андан бийик чыгамын!
Тактымды бийик орнотом, айтканымды кыламын!
Асманга мен чыгамын чындап оолуксам!
Беш миң алты жүз жети таш баканы чогултам!






BURP!

Башкы Өкүмдар таш бака колун өйдө көтөрүп,
Буйрук бере баштады дагы деле көшөрүп.
Жалпак, кичине таш бака чөгө баштады өзөрүп.
Ошол Мэк деген таш бака өзүн жаман сезип:
«Болду, жетишет!» – деп чечти, абдан чыдамы кетип.
Көңүлү айнып, улам оорлоп баратты үстү,
Бир кезде көтөрө албай калды үстүндөгү жүктү.
Жүрөгү айланып кусуп жиберип кулады,
Ал кулаганда падышанын тактысы урады!





Ошондо Башчы таш бака, падышасы талдардын,
Эӊ жогорку өкүмдары аба, аары, куштардын,
Тамдын дагы, үйдүн дагы, жол башчысы качырдын,
Бийлиги бүттү биротоло таш бака падышанын!
Башчы таш бака, Сала-ма-Сонд падышанын заманы
Бүттү ошентип, бийик тактан суута кулап аягы.





Тактап айтсак, улуу Башчы, кереметтүү Башчы таш бака
Эми баткактын падышасы деген конду атка.
Таш бакалар, албетте, боштондукка чыкты.
Бирок ушул жомок бийликке манчыркоонун
Мисалы болду окшойт мыкты.



# Үрпөгөй Гертруд



Үрпөгөй Гертруд деген чымчык болгон бир кезде,
Эпсиз жалпак куйругу, андай болбойт эч кимде.
Болгону ошол куйруктун үрөйү суук бир тал жүн.
Анын өңү Гертрудду капалантат күнү-түн.



Тааныш дагы бир чымчык болгон экен ал маалда,
Лолла-Ли-Лу деген укмуштай бир параңда,
Бир эмес, эки тал куйругу болгон артында!
Аңдып жүрүп Гертруд көрүп калды асмандан
Лолла-Ли-Лу ошол күнү учуп өткөн жанынан.
Ал кызганды, тултуйду. Кабагын бүркөп, акшыйды.
Анан туруп жинденип ал бир маалда айкырды:
«Акыйкатсыз бу кандай! Менде бирөө, анда эки!
Лолла-Ли-Лунукундай куйрук мага бербейби?»



Ошентип ал жөнөдү Дейк деген табып агасына,
Агасы турчу тээ көлдөгү бийигирээк бир талда.
Карындашы кыйкырды: «Билесизби, табып ага!
Кандай дары өстүрөт татынакай куйрук мага?»
«Токтот! – деди агасы, – дөөдүрөгөн сөзүңдү!
Башка куйрук бузуп салат сенин келбет-өңүңдү».



Жинденип кирди Гертруд, ызы-чууну ал салды,
Акырында табып анын дарысын таап алдады.
Чөптүн кайда өскөнүн агасы ага айтып берди,
Тээ дөбөнүн чокусунда өсөт ал чөп көп деди.
«Рахмат, ага!» — деп коюп, Гертруд чуркап жөнөдү,
Чөп дарыны издеп жүрүп, тапты акыр дөбөнү.



Ошол жерде чөп дары жайнайт экен, аны көрдү,
Чайнамак болуп ал чөптөн жулуп алды бирөөнү.
Даамы анын жаман тура, кусуп жибере жаздады.
Бирок куйрук керек да, чыдап аны жутуп салды.
Ошондо ал бөлөндү бир бакытка, бир маалда солк этти,
Түрткөнсүп аны арттан бирөө куйругуна сезилди.
Гертруд артын карады. Эми чындап сүйүндү!
Лолла-Ли-Лунукундай эки куйрук көрүндү!

Бир ой келди! «Эми мен дагы эмне кылышты билем…
Лолла-Ли-Лунукунан дагы жакшы куйрук өстүрөм!



Эӊ эле сонун турбайбы куйрук өстүргүч дары!»
Гертруд чөптүн арасынан дагы бирди жулуп алды!



Ошол өскөн чөптү алып, аны жерге ийип койду.
Жутту үч, төрт, беш, алтыны, жети, сегиз, тогузду!
Үрпөгөй жапжаш Гертруд аябай эле оттоду,
Отуздан ашыкты жутуп, анан гана токтоду.
Дагы бир жолу солк этип, Гертруд анан айкырды:
«Лолла айымдын куйругу экөө болсо, менде үчөө!»

Жакшы болмок Лолла-Ли-Лу мени келип эми көрсө,
Чалкасынан кулап түшмөк мага көңүл бөлсө!
Көрсөтөмүн сулуу деген ким экенин мен ага!
Куйругумду кооз кылам, теңеле албайт ал мага!»





Бир маалда эле куйругу тарс-турс этип ачылды,
Жазындагы гүлдөй болуп бүчүрлөрү чачылды.
Канышага бүт жарашат! Тим эле бир суктанасың!
Берметтей болуп жалтырайт, тим эле сары алтын!
Жибек, атилестей созулат! Кесмеге окшоп чоюлат!
Оттой өйдө атып чыгып, жер үстүнө чачылат.
Толкуйт таза абада, шамалда ал чалкып турат,
Ар бир талы дарактын бутагындай созулат.
Дагы эле ачат бүчүрүн! Дагы эле ал өсүп жатты,
Күн батканча өсө берип, акырында тынчып калды.



«Эми, – деди Гертруд, – дагы кылам бир нерсе:
Болот эми Лолла-Ли-Луга барып көрүнсө!
Лолла мени көргөндө, өңү-башы бузулат,
Чыңырып кулап чалкасынан, акыры ал өлүп калат!»

Канатын жайып чымчык эми көк асманга учмак болду,
Бирок токсон кадакка анча канат менен оорлонду.
Ал жулкунду тыбырчылап, чыңырып айкырык салды,
Бирок уча албайт! Чуркамак түгүл, баспай калды!





Кете албай ал ошентип түнү менен дөбөдө турду,
Үрпөгөй Гертруд башынан өткөрдү кайгы менен муңду.
Бирок Дейк агасы карындашы жөнүндө угуп калды.
Куткарганы ал шашты, жардамга жетип барды.





Көтөрөм деп тигини, тумшугун да сындырды,
Карындашын жеткире албай, эки апта жол жүрдү.
Убарасын көп тартып, ортодон дагы бир апта өттү.
Куйругун бүт жулдуруп, Гертруддун эти тытылды!



Акыры жулуп бүткөндө,
Гертрудда жалгыз куйрук калды...
Ошол жалгыз тал куйругу учканга гана керек эле.
Ошого эми шүгүр десин, андан артык тапмак беле?

# Обу жок мактаныч





Ошол күнү коён өзүн абдан кыйын сезди,
Дөбөнүн чокусунда жатып ал ушуну чечти.
Бийикте турганда ал өзүн олуттуу деди.
Анан каадаланып отуруп мактана кетти,
Көкүрөгүн жая кыйкырды: «Мен кыйынмын,
Ай-ааламдагы айбанаттан эң мыктымын.
Кургакта да, сууда да... атүгүл, тиги асманда
Менден өткөн бир жанды кыйын болсоң тапкыла!»





«Эмне дейт? – деген үн чыкты, дарылдаган катуу үн.
– Кайдагы дөдөй сөздөрдү эмнеге сен сүйлөйсүң?»
Астын карап коёнубуз аюудан бирди көрдү.
«Эң мыктысы менмин!», – деп килейген аюу өкүрдү.

«Жок! – деп аны басты коён. – Мен мыктымын!»
«Койчу! – деп кобуранды аюу. – Койсоңчу аның!
Өтө мактанып жибердиң, коён мырза. Чын эле
Аны кантип далилдейсиң? Колуңан келет эмне?»

«Кандай десем? – деп ойлонду биздин коён.
– Эмне кылганымда мен муну жеңип коём?»
Ойлоно берди ал, ойлоно берди. Акырында сүйлөдү:
«Аюу, сен башымдагы эки кулакты көрдүңбү?
Алар ушунчалык сергек, ушунчалык укмуш, тың,
Меникиндей кулакты дүйнөдөн таппасың чын!»



«Йа! – деп аюу күңгүрөндү, анын кулагын карады.
– Ушуну да мыкты дейсиң, – деп коёнго бир тийди.
Угаарын анын алыстан ким көрдү да, ким билди?»

«Кулактарым эң мыкты. Далилдеп мен беремин.
Ошоерге отуруп кулак салгын, текшергин».
Кулактарын кысканда, алар дароо тик турду,
Түз эле көк асманга кулактары тез бурулду.
Кулактарын кең жайып, ошону менен тим болду.
«Чишш! Угуп атам!» – деди ага коён турган жеринен.
Тырышкандан нымшып кетти, суу болду кара теринен,
Кулак менен маңдайынын териси ным болуп калды.







Бир паска ал катып турду. Анан гана кыймылдады,
«Эмнени укканымы билесиңби? – деди коён аюуга.
– Тиги тоону көрдүңбү? Жүздөн ашык чакырымда.
Ошо тоодо бир чымын бар. Жөтөлгөнүн мен уктум!
Жөтөлүн анын угуш кыйын, муну эске туткунуң,
Жүздөн ашык чакырымдан, бирок даана мен угам.
Билгин, – деди биздин коён, – сага чынын мен айтам,
Сенден дагы мыктымын, кулактарым эң мыкты!»



Муну уккан биздин аюу дароо тултуюп калды,
Анткени ал кулагы катуураак экенин өзү да билчү.
«Ушу коёндун келип турат мени кемсинткиси.
Эми далилдешим керек андан мыкты экенимди».
Коёндон ал сурап калды: «Жакшы угат экенсиң,
Бирок кандай аралыктан жытты искеп сезесиң?
Мисалы, мен жытты билем, – деп аюубуз мактанды.
– Тумшугумду көрдүңбү? Бардыгынан эң мыкты.
Жытты билет алыстан, жакындан да бүт сезет.
Кулагың укпаганды тумшугум жытынан билет!»



«Анте албайсыҥ!» – деп чычалап коёнубуз күҥк этти.
«Ошентем!» – деп аюунун ага абдан ачуусу келди
Ал килейген тумшугун абага созо жыттады.
Түйрөҥдөтүп тумшугун үшкүрдү, дардаҥдады.
Тумшугун кыйшаҥдата бышкырып, дердеҥдеди.
Шимшип отуруп, бүт баарын тинтип келди.
Аюу мактанды: «Мен көп жерди шимшидим».





«Анда, – деди коён, – мага муну айтып бергин,
Жалпысынан канча жерди шимшиледиӊ?»

«Өтө эле көп жерди шимшиледим, ой-уй.
Тоодогу чымындан баштап, андан нары, – деди аюу.
Көптөгөн бийик тоонун артын шимшиледим,
Миӊдеген чакырымды, андан нары көлмөгө чейин.



Тээ алыста, сен көрбөгөн көлмөнүн боюнда
Чакан бир чарба бар. Аерде өсөт бир тал ортосунда.
Талдын бир бутагы бар. Ошол бутакка уя салынган,
Эки кибиреген жумуртканы көрсөң болот ал уядан.
Чымчыктын жумурткасы бир чымчымдан зорго ашат!
Менин мурдум, – деди аюу, – аларды да оңой табат!
Мурдум ушунчалык мыкты, жыт дароо тийди,
Солдогу жумуртка сасыткы экенин билди!
Сен аны эч качан биле албайсың дардаңым.
Сенден дагы, – деп мактанды аюу, – мен мыктымын!
Тана албайсың муну, менин жытка шыгым бар...»





«Ай-ий! – деди сөөлжан. – Өтө эле мактандыңар.
Экөөң өзүңдү кыйын сезсең, мен силерди андай дебейм.
Силерди мен өзүмө кымындай да теңебейм.
Бириң угуп, бириң жыттап, канча көрө аласыңар?

Мени карап тургула, мактанчаак чоӊ айбандар,
Мурдуӊ менен кулагыӊар көзүмө эч теӊ келбейт!
Уктуӊарбы?» – жер астынан чыккан дабыш ушундай дейт.
Буту турган жердин астынан сөөлжан айтты.
Аюу менен коён дабышка башын кыйшайтты,
Жерден сойлоп чыккан карт сөөлжанды байкады.



Кичинекей карт сөөлжан соройтуп башын чайкады,
Анан көздөрүн бардап, алайтып абдан чоң ачты.
Таңгалычтуу тигилип ушунча алыска карады.
Эки тешикти абада күйгүзүп салгансыды.
Сөөлжандын көздөрү башынан чыккансыды.
Жарым саат тиктеди кызарганча кабактары.
«Болду, жетишет! – деп аюу секин кобурады.
– Экөөбүзгө айтчы деги, канчалык алыс тиктедиң?
Айтчы, ошол алыстан эмнелерди көрдүң?»










«Мейли, балдар, – деди сөөлжан, – менин көздөрүм
Алысты көрөт, биякта калат силердин көргөнүң!
Мухиттен да нары көрдүм, тээ Жапанга чейин.
Көрбөгөндү көрдүм мен, алыстын билбейм чегин.
Жер жүзүндө көзү курч менден мыкты жок эч ким.
Жапандан да нары турган Кытайды мен бүт көрдүм.
Мисирди да көрдүм мен, бир паска баш бактым
Голландия, Францияга, эки өлкөнү тең байкадым.
Андан кийин Иңглистан, Бразилия деле ошондой.
Аларга мен кылчактабай, кете бердим токтобой.

Дале кете бердим мен, кете бердим түптүз кенен
Дүйнөнү бүт кыдырып, кайра келдим тоо менен!
Ошондо мен ушуерден көрүп калдым силерди,
Өмүрүмдө көрбөптүрмүн силердей чоң дөдөйдү!
Дөдөй болбой экөөңөр, анан силер кимсиңер?
Кыларга башка иш жоктой, эмнеге минттиңер?
Отуруп алып ушуерге, мен мыктымын дейсиңер!»



Кичинекей карт сөөлжан башын бир пас чайкады,
Тешигине кирип кетип ишин улады, башка сөз айтпады.







# Доктор Сьюз



Теодор Сьюз Гейсел (1904–1991)
Американын жазуучусу, саясий мультипликатор, акын, мультипликатор-сүрөтчү, китеп чыгаруучу жана сүрөтчү, Доктор Сьюз деген адабий ысым менен балдарга арналган китептери аркылуу белгилүү. Балдар үчүн жазылган кырктай чыгармасы 650 миллион нускадан ашык сатылып, 40 тилге которулган.

Анын китептери боюнча мультфильмдер, радиоберүүлөр, мюзиклдер коюлган. Доктор Сьюз балдар адабиятын өзгөртүп, китептеринин бетинде оюн-зоок, укмуштай кыял, сюрреалисттик окуяларды сунуштаган. Андан тышкары, жазуучунун китептери шайыр, жандуу тамашаларга толо.

XX кылымдын орто чениндеги балдардын дилин өзүнө буруп, Доктор Сьюз ушул күнгө чейин атак-даңкка ээ. Анын китептери аркылуу балдар окуганды үйрөнөт, «Сен бара турган жер, ай!» деген анын китебин Американын мектеп бүтүрүүчүлөрүнө белекке тапшыруу аземи көпчүлүк ата-энелер үчүн салт болуп калган.

«Башчы таш бака» Доктор Сьюздун кыргыз тилиндеги биринчи басылмасы.



АКШ элчилигинин Китеп которуу
программасынын колдоосу менен чыгарылган